ЖАМАНКУЛОВ КӨКҮЛ



# ЖАЛГЫЗ ТАЛ

ЖАМАНКУЛОВ
КӨКҮЛ

# ЖАЛГЫЗ ТАЛ



Ырлар, поэмалар

ФРУНЗЕ
«АДАБИЯТ»
1990

ББК 84 Ки 7—5
Ж 26

Өспүрүмдөр үчүн

Сүрөтчүсү *Сапарбек Азимов*

**Жаманкулов Көкүл**

**Ж 26** Жалгыз тал: Ырлар, поэмалар: Өспүрүмдөр үчүн /Сүрөтчүсү С. Азимов. — Ф.: Адабият, 1990. — 76 б.
ISBN 5-660-00296-X

Бул — Жаманкуловдун үчүнчү китеби. Автор ырларында адам менен жаратылыштын карым-катнашын жана анын пейзажын, айрыкча айыл турмушун жан-дили менен берилип жазгандыгы байкалып турат. Жыйнакта «Үзүлгөн үмүт», «Жакшылык» деген эки поэма бар.

В сборник вошли стихотворения и поэмы, воспевающие взаимоотношения человека с природой.

Ж $\frac{4803300200—82}{\text{М } 455\ (11)—90}$ 111.90 ББК 84 Ки 7—5

ISBN 5-660-00296-X
© «Адабият» басмасы, 1990-ж.

***«Жалгыз тал көрсөң кыйбай жүр,***
***Жанында жүрсөм сыйлай жүр...»***

*(Эл ырынан)*

# ЫРЛАР



## КАМЧЫЛАНУУ

Эгер чындап ажал алса жүрөктөн,
Бул дүйнөдөн өкүнүчсүз ким өткөн?..
Же болбосо өлбөс болуп калууга,
Ичкен барбы жомоктогу мүрөктөн?..

Бирок да мен коркконум жок жүрөктөн,
Башка дарт бар көөдөнүмдү жүдөткөн —
Эчак эле элдин күткөн үмүтүн,
Элес албай эң бир сонун жыл өткөн!

Жеттим кыркка — ушул кантип аз дейин,
Жазганымдын сапат, сыны анчейин.
Энем буга күнөөлүү эмес кыпындай,
«Эрте ойготкон»... эми аттандым кантейин!

Көпчүлүктүн шарданында жүрөмүн,
Эмгегим аз — алсыз, чабал бирөөмүн.
Теңтуштардан уялгандан жер карап,
Тердеп жатып, муздап басып — жүдөөмүн.

## ЖАЗДЫ ТОСУУ

Жүдөө тартып кыштадыңар чатырда,
Түшө калып тоокко жем чачылса...
Коңулдарга түнөп чыгып, жеттиңер,
Мемиреген ушул жылдын Мартына.
(Сүртүнүшүп тумшуктарды — өбүшүп,
Сайрайсыңар бакка конуп, кашымда.)
Силерге да сүйүү келди, билемин.
Сайрагыла чымчыктарым, жашынба!

Кубалайт деп коркпогула, басылба,
Көктөй түшсүн, бүрдөй түшсүн багым да!
Жадыраган жаркын жаздын өзүндөй,
Быйылкы үн былтыркыдан жаңы да!
Тур-турлашып бирин-бири ойготуп,
Тирлик кирсин курт-кумурска — жамыга.
«Сайран күүнү» аткаргандай оркестр,
Сайрагыла чымчыктарым жабыла!

## БАШТАЛДЫ ЖЕРДИН МАЙРАМЫ

Мелтиреп жаткан кар кетип,
Март айы сонун жаңырган.
Тиледи эл чөптү өссө деп,
Түндөсү жааган жамгырдан

Тескейде жаткан кир болуп,
Теридей музду каңтарып.
Коктуда — кирген чоң сууга,
Кошуптур жамгыр алпарып...

Кыштактын чыгып четине,
Канбастай терең дем алам.
Сүйгөндөн жазды жыттаймын,
Сагынып калгам деги анан...

Көз жоосун алат теребел,
Көкжашыл тартып дегеле.
Койнуна жаздын тартылып,
Козголуп барат делебе!..

Жаңыдан сыртка чыгарып,
Сакманчы жайган козу-улак.
Жаркыган күндүн астында,
Жарыша чуркайт топурап...

Күчүк да жибин булккулайт,
Кыңшылап көзү бозоруп.
Козу, улак менен бир болуп,
Кеткиси келип бошонуп.

Кыш бою жарма, жем берип,
Коңшумдун баккан тор бээси.
Кошкуруп турат тынчыбай,
Кор болуп арпа, бедеси...

Жарышып жүрүп, козу, улак,
Жабыла көккө байыралды.
Ууз чөп жеди, көгөртүп,
Ууртарын майлады...
Балкытып жанды өзүнө,
Башталды жердин майрамы!

## ЖОМОКТОН ЭЛЕС

Жайдын күнү, биз жайлоодо,
Жакшы оюн курганда.
Жакын келип түйдөк булут,
«Жашын төктү» бир маалда.

Билбей калдык, билбей калдык,
Ызалантты ким аны?

Кызык, жамгыр арасынан,
Жарк дей түштү Күн жаңы!

Турду булут жаш кыз окшоп,
Каухар шакек жоготкон.
Кайталанган бизге жетип,
Качанкы бир жомоктон.

Көпкө турбай ушул булут,
Кетсе тигил белди ашып.
Аркасынан «шакек» чыкты,
Жашыл, кызыл нур чачып!

Кайрыл булут, каухар мына,
Чыга келди ийилип.
Мончокторду түшөөр болсо ээ,
Мойнубузга илинип!..

Житип кетти, карап турсак,
Жел жүргөндө жогортон.
Бирок, биздин көз алдыда.
Элес калды жомоктон.

## ӨСКӨН ЖЕРДИ САГЫНЫП

*(Борис Мишуристен)*

Бул өмүрдүн жаз, жайына канбадым...
Эми сездим кыш жакындап калганын.
Бүгүн жаңы кар жааганда себелеп,
Уучтап алып, колго кыса кармадым.

Жер үстүнө аппак — таза жабылып,
Үсту-үстүнө түшүп жатат жаңырып.
Ушул кардай мен да барып түшсөм деп,
Өксөп турдум, өскөн жерди сагынып...

## КАШКА СУУ

Ала-Тоо башын жондогон,
Ак мөңгү түбүн жолдогон.
Күмбүрлөп комуз үнүндөй,
Корумдар койнун жойлогон.
Кылтылдап төмөн чубаган,
Кылымдар жазбай «жоргоңон» —
Айланам сенден кашка суу —
Арыкта суудан башка суу!

Тулаңдуу тике жылгадан,
Кайберен жутуп жыргаган.
Алдыртан канып моокуму,
Арча да көпкөк тура алган.
Тайраңдап эрке балача,
Таштарга тийип, туйлаган —
Кагылам сенден кашка суу —
Каналда суудан башка суу!

«Ак боздой» алыс чабылган,
Арышың күнгө чагылган.
Бактыңды алга сүрөшүп,
Бойлото тоолор жаңырган.
Мөндүрдөй ыргып асманга,
Мөлт эте тамчың жарылган —
Өрөпкүйм сага кашка суу —
Өбөлгө өмүр жашка суу!

## АК КУУЛАР САПАРЫНА...

Келгенде ушул жылдын жаңы жазы,
Шатырап жерге түштү булут жашы.

Аңызда топуракты эзип жатты,
Акыркы аяз тонун чечип жатты...

Көл толкуп: «Кош!» дегендей көбүк чачты —
Ак куулар сапарына канат какты...

## БАЛА ТҮШҮНДӨ

Эртең сентябрь деген түнү,
Бала мындай түш көрдү:
Кең талаада, жаркыган Ай —
Куду эне түспөлү.

Бала ошол Айга карап,
Суроо берип, үн салат:

— Көчөбүздө Ленин сүрөтү,
Күлүмсүрөйт дайыма.
Айтсаң эми, сүйкүмдүү Ай,
Келгенби Ильич айылга?

Жымың этип Ай бир азга,
Жооп берди балага:

— Бул жөнүндө тээ-тетиги,
Ала-Тоодон сурагын.
Бул жөнүндө тээ-тетиги,
Ысык-Көлдөн сурагын.
Бул жөнүндө астындагы,
Абадан сен сурагын.
Сура, кана, баарысынан,
Эгер келсе сынагың?.. —

Бала дароо тоого карап,
Толкунданып үн салат.
Топтолушуп кеп угууда,
Тоолор, тоолор миң кабат!

Жарданышып тура калып,
Жашы дагы карысы.
Бир үн менен жар салышты,
Бийиктиктен баарысы:

— Турганымда туман басып,
Колунда бар чырагы.

Аскаларга жарык чачып,
Ленин гана чыга алды. —

Муну укканда бала күлүп,
Айланага карады.
Анда беттен жумшак сылап,
Аба берди кабарды:

— Нечен-нечен кыйындыкта,
Ильич менен бир жаттым.
Анын үнүн таалай кылып,
Ааламга бүт тараттым. —

Көк мейкинди түрүп келип,
Көл сүйлөдү жээктен —
Тулпарындай жылкычынын,
Толкундары демиккен:

— Киргилденип турар элем,
Капамды Ленин ачпаса.
Суум мынча мөлтүр кашка
Болбос эле таптаза. —

Анан кайра Ай жылмая,
Мындай деди балага:
— Адамдан да эми сура,
Атаңдан же башкадан...
Кең ааламда кыпындай да,
Жер жок Ленин баспаган. —

Так секирди бала жыргап,
Табылгандай издеген.
Жолун улайт — мектебине,
Ленин баскан из менен...

## БАЛДАР ЫРЫ

### Гербарий

Жергебиздин коозу ай:
Кызыл гүлү, ак гүлү,
Сары гүлү, көк гүлү —
Сай бойлото көптүгү!

Чогулталы гербарий:
Кана, балдар катарга,
Кана балдар сапарга —
Көп-көп жылдар сактаарга!

Белек болсун мектепке:
Түркүн түрдөн үзөлү,
Түрүн бузбй күтөлү —
Тилек ушу биздеги,
Тилек ушу биздеги!

### Ысык кум

Жай саратан ичинде —
Ысык-Көлгө биз барып,
Ысык кумга кактандык.
Сулуу, күчтүү болсок деп,
Сууга сүзүп шаттандык.

Күндү көрсөң тим эле —
Тоодон түшө калат да,
Бизди карайт тийсе эле.
Каткырышып чыгабыз,
Кызыл кумдуу тилкеге.

Ай кызыл кум — ысык кум —
Жакканыңан үстүңө,
Жатып алдык жабыла.
Кандай гана жыргалсың,
Көлүң болгон жанында!..

Карыган апам бир өзү,
Көтөрөт үйдүн түйшүгүн.
Турду эле болду, иш баштайт,
Тойгузуп тоок, күчүгүн.

Токсонго дале бой бербей,
Сергилең жаны сергилең.
Акырын кээде мага айтат:
«А балам, аяйм сени мен...»

Жыргатып кышта киргенди,
Жылууга үйдү толтурат —
Очогун сүйгөн башынан,
От жагып коюп олтурат...

2.

... — Акырет жолун тилейин,
Аянам эми несин... — деп.
... — Туура эле жакшы жашадым,
Туулган жылым «Мечин»... — деп.

Чарчаба, апа, өзүңдөн,
Чыгаргын «тиги жакты» эстен.
Сексенден ашкан себебиң —
Сөөгүң, апа, жакшы экен!

Тажаба дагы жашоодон,
Тазала «тиги жакты» эстен.
Токсонго жеткен себебиң —
Таалайың, апа, жакшы экен!

«Улугум, мени ал!» — дебегин,
Унуткун «тигил жакты» эстен.
Бейишке чыккан мына ушу —
Пейилиң, апа, жакшы экен!

## БУЛГААРЫ ТОП

Булгаары топ, булгаары топ,—
Кызык оюн жараткан.
Кирип кетсе дарбазага,
Көптөрдү туз жалаткан.

Булгаары топ, бул — кары топ —
Булгаарысы жаңы топ.
Буттан бутка өтүп келет,
Футболчунун каны окшоп.

Булгаары топ, булгаары топ —
Эки тарап талашкан.
Элдин баары «дуу-дуу» этип,
Эси оогончо карашкан.

Булгаары топ, булгаары топ —
Буйтап өткөн куюндай.
Ойт берет да, кайра жөнөйт,
Оюн салган кулундай.

Булгаары топ, булгаары топ —
Бул дегеле кары топ.
Бүт дүйнөнү тегеренет,
Бүт топтордун каны окшоп!

## АПАМ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

1.

Кечикпей иште болууга,
Кетемин Күндөн озуна.
Аялым жөнөйт анан да,
Кыздарым барат окууга...

## ЫЙЫК ЖЕР

*(Самат Шакирден)*

*(Латыш жергеси — Латгалияда Советтер Союзунун Баатыры Тукубай Тайгараевге жана аны менен бирге курман болгондорго — он жоокердин ысымдары жазылган эстелик турат.)*

Үнсүз турам эстеликтин жанында,
Шыбыш бербейт, баарыбызга ийип жел.
Тирүүлүктүн титиреткен жүрөгүн,
Латгалия — ыйык жер!

Бузуп өткүс бөгөт болуп душманга,
Мында турат токтоп калган кадамдар...
Орус, кыргыз, татар, тажик, түркмөн,
Ошолордун баары бир боор адамдар!

Талкалаган душмандардын танктарын,
Тайманбастан тике беттеп-тирешип.
Күүгүмдөнгөн күндүн бетин ачышкан,
Фашисттердин ыш-түтүнүн жирешип.

Мекен үчүн мына ушулар көмүлдү,
Көмүлдү да кайра жарк деп көрүндү.
Түк бузулбайт тирүүлүктүн сынынан,
Тиктеп турат талаа, токой, көлүмдү.

Түбөлүккө ташка чөгүп калса да,
Жазбайт алар катарынан-сабынан.
Бирок өтө сумсайыңкы жүздөрү —
Кең дүйнөдөн дем алганды сагынган.

Күн-түн бою көз ирмебей батыштан,
Күчтүү колдор автоматка карышкан...
Ушул жерде уюп турган он жоокер,
Урпактарга ыйык болуп калышкан!

## ВЕЛОСИПЕД ТЕПКЕН УЧКУЧ

Бир топ жыл өткөн, атанын,
Баласы келди таң ата.
Аскердик кызмат өтөгөн,
Ал — учкуч, Москва тарапта.

Кол сунду кары: «Уулум!..» — деп,
Баскычтан төмөн жылбыша.
Басылбай турду сагынчы,
Баш жөлөп майор жылдызга.

Ыраазы болду анан ал,
Ушундай уулу бар үчүн.
Турмушун айтты жашырбай:
«Турабыз балам, бар күчүм!..»

Сагынып калган эл-жерин,
Сурады учкуч баарысын:
Саламат-эсен турбу деп,
Санактап жашы-карысын.

— Таятам эсен турабы,
Жолукпай мага жол болсун?..
«Тыз» коюп барып келейин,
Таалайдын алып «жоргосун» —

Ата угуп муну селт этти,
Тегинен келген намыстуу:
— Жаш балдар менен кошулуп,
Сен белең балам жарышчу?

Курусун «шайтан араба»,
Кой балам, элдер күлүшөт.
Бул жерде болгон актиптер,
Машина минип жүрүшөт. —

Күлдү анда учкуч, муну айтты:
— Кур намыс неге айбыгып.
Баягы жолду басайын,
Бала чак келсин кайрылып! —

Деди да, минди, чү койду,
Өбөктөй кармап тутканы.
Акмалап таанып жатышты,
Айылда көргөн бүт баары...

Бергенде салам, таята,
Билбейбиз кандай кеп айтат?..
Зыпылдап эки дөңгөлөк,
Зымырап учкуч келатат...

## ТӨЛ МААЛЫ

Күндөн күнгө таң нуру,
Көшөгөсүн кең ачат.
Күлүп ийчү немедей,
Күн жакындап келатат!

Чабыттайт таң нурунда,
Чар каргалар көкөлөп.
Жерди турган ымыркай,
Жаз кучактайт бөпөлөп...

Сакман бөлүп короодон,
Чыкты көккө сакманчы.
Жаңы туулган жаш төлдү,
Кези келип сактачу...

Шамдар түндө өчүлгөн,
Кыштактагы жымжыртты айт...
Тээ алыста, төш бойлой,
Кой короолор жылтырайт...

## АЙЫЛ КҮНҮ

Таң сүрөр кезге аз калып,
Турса да жылдыз чатырап.
Тарса-тарс төшүн каккылап,
Короздор тынбай чакырат.

Жел келип бир аз сыдырым,
Шуулдайт мырза теректер.
Көрүп да көрбөй, баары бир,
Күрсүлдөйт картаң дөбөттөр.

Былчыйып жаткан түн бою,
«Быш» этип турат уй дагы.
Акырды карайт тикийип,
Акыйып, көзү, кулагы...

Кашкайып келет ушул таң,
Кыраңга, белге нур тарап.
Кан дүргүп бетке чыккандай,
Кызарып барат туш тарап...

Чал чыгат үйдөн калтырап,
Кумганын кармап колуна.
Чанакуу көзүн алайтып,
Чапанын илип жонуна.

Алакан жайып асманга,
Ал тилейт күндүн жакшысын.
Аман-соо болсок экен деп,
Ал тилейт айыл бактысын.

Андан соң «жарк» деп айнектер,
Жагыла баштайт электр.
Жуурканды шилтеп, шак турат,
Жабыла аял-эркектир.

Короодо койлор маараган,
Уй турат утур мөөрөгөн.
Бакырып бардык үн менен,
Бала ыйлайт, түндө бөлөнгөн.

Чакага шор-шор тартылып,
Аялдар уй саап атканда,
Трактор үнү даркырайт,
Түтүнү кетип асманга.

Көчө өйдө айдап баарысы,
Кезүүгө эми кой кошот.
«Бол, тез!» — деп бөлүп уйкусун,
Балдарды зордоп ойготот.

Күттүрбөй анан өзү эле,
Күн калат тоодон көрүнүп.
Станда кым-куут кыймылдар,
Машина-трактор бөлүнүп...

Ат минип өргө баратат,
А чабан болгон үйүндө.
Жайытта, короо четинде,
Жардамчы калган түнүндэ.

Жыбырап жатат чачылып,
Жол бою туяк издери,
Соңунан калбайт локулдап,
Сырдана болгон иттери...

Жалпы ырдап баары бир ырды,
Жаңырат десең каяктан,
Жарданган «Зилде» ал жаштар,
Жабылып чөпкө бараткан.

Учуру иштин ушундай,
Убак жок үйгө баруучу.

## КАЙСЫН АКЫНДЫН КАШЫНДА

Тоолук акын тоолукка дарманчы эле,
Жашоо менен дүйнөгө таң калчу эле.
Океанга ыр артып чыккан чакта,
Оодарылып кеткени ай, кайран Кеме!..

...Анда жүрүп, уктум мен бул кабарды:
«Кайсын өлдү, сөөгүнө Чыңгыз барды.
Өз жерине өзүнүн чарбагына,
Бир керемет ой менен көмүштү аны».

Жарк дей түштү акындын жакшы элеси,
Ала-Тоодо жүргөнү эрте-кечи...
Акын жаткан бейитке таазим кылуу,
Ар адамдын башында парс эмеспи!..

Келдим Чегемге — баягы чарбак-бакка,
Башын ийет кырсыкка, баары капа.
Жашыгандан үзүлүп жаткан өңдүү,
Жайдын күнү жапжашыл жалбырак да.

Бири көңүл бурган жок жалбыракка,
«Түшүп жатат, түшкөн бир жалбырак да...»
Кейиш менен мүрзөнү тегеректеп,
Келгендердин көз жашы топуракта.

А жалбырак шыбырттап туш тараптан,
Жел сокондо бир учур алкым жактан —
Жермелөшүп баарысы бөгүп калат,
Мүрзө астына чогулуп — акын жаткан.

Ушулар бейм акындын эң аяры,
«Жашоо!», «Өмүр!» — деп атаган тээ баягы —
Өзөгүнөн үзүлгөн жашыл бойдон,
Өкүнүчтүү тагдырдын бир баяны?..

Капчыгайы Балкардын бозомуктап,
«Жаралуу таш» жатат бейм боздоп ыйлап.
Чеке башын койгулап оңго-солго,
Чегем дайра боору менен туйлап-туйлап...
Булуттары асмандын түнөрүктөп,
Бир аздан соң «жоктошуп» — куйган турат...

Арга канча, кош эми, кош бол акын,
Ала-Тоого, Кавказга дили жакын.
Ырыскылуу адам деп Сизди айтабыз,
Ырың менен жашап кеттиң миңин жаштын.

*Нальчик. 85.*

## АКЫН ЖОЛОНДУ ЭСКЕРҮҮ

Жаш-карыга бипбирдей ынак элең,
«Жоке«! — десек кайрылып угаар элең.
Жакшы тилек, жакшы ойду угуу менен,
Жандай басып өзүң да улаар элең.
Жаңылануу мезгилин жандай сүйүп,
Жайы келсе, жардамга кумар элең.
Кенендикти жана да терeңдикти,
КЕҢ АДАМДАН баамдап турар элең..
Беш-Күңгөйдүн айлында жашоо менен,
Пейли кенен дыйканды тууpaар элең.

Турмушуңда түш ообой, бачым эле...
«Токто!» — десек болбодуң, качып эле...
Сулпу менен каухардай жалтылдаган,
Сугарылган талантка асыл дене —
Сыр дайрадай нугунда жаткан бойдон,
«Сыр сандыкка» кетти го батып эле!..
Кыдыр болуп а балким кайрылат деп,
Качан болсо жолуңду карайм, Жоке!

## ТИРҮҮЛҮК КОҢГУРООСУ

Жаза албай, алаксыймын жаным күйөт,
Анткени иттер үрөт, иттер үрөт...
Тыңшаймын: «Түн ортосу ай караңгы,
Тамтаңдап бу маалда кимдер жүрөт?..

Анан да бир жаман ой келет маган:
«А балким ат араба — жумшактаган.
Чарбанын чөбүн уурдап, жемин уурдап,
Бараткан өз үйүнө шылуун чабан?..»

А балким ууру чыгар чебердеген,
Айылдан мал алалбай чебеленген.
Айнегимдин жарыгын улам карап,
«Ант ургур, жатпайбы...» — деп жемелеген.

Кантсе да иттер эми тып басылды,
Үрүүдөн жаактары карыштыбы?..
Кичине кирпик кагып алалы деп,
Ким кайда — сулап-сулап калыштыбы?..

Маал-маал эшек салат айкырыгын,
Билгизип эси жогу — тайкылыгын.
Бүттү го.. эми тынчтык болор десем,
Короoздор «саламдашты» кайкы мурун...
Акыры жылдыздарды аралата,
Багымдат башбактатты кайчы нурун...

Таң атты, кыштак дале баягындай,
Эл туруп, жайытына мал чыгармай.
Эч сөз жок: «Түндө алаамат болду» деген,
Көнүшкөн кызы-чууга көрчү кандай!..

Алаксып, ушул жолу актай калдым,
Жаман ойлоп — жазууман ажырадым.

Жакшылыкка жорусам жазбайт белем,
Иттердин кур дегенде «ажылдагын».

Тынчы жок кыштак түнү бир келгенде,
Багынбайт мансабыңа, бийлигиңе.
Тирүүлүк коңгуроосун айбанаттар,
Угузат бейм, түн болсо да бир-бирине.

## СОКУР КОЛОМТО

Үй башында — чарбагыбыз кошулган,
Көп жылдардан кампачы эле кошунам.
Суубуз да тепе-теңге бөлүнчү,
Секин гана бир кулактын оозунан.

Көп-көп эле кол жаңсачу: «Көкө!» — лөп,
Арак ичип, кой сойчубуз экөөлөп.
Келген-кеткен мартабасын арттырып,
Пейли кеңип, башы турчу көкөлөп.

Сыйчылдыгы жамы журтка жакшы эле,
Бир адаты — үйдө аялга кас эле.
Өчү бардай бакан менен бир салчу,
Өөдө карап, көтөрүлсө кашы эле.

Ошондуктан үч аялды кетирген,
Үчөөндө тең бала кеткен эки-үчтөн.
Бул жагынан «жолдуу» болчу баары бир,
(Бирин сезбей чай иччү эле секиден.)
Каалашынча кайкалатып — ойнотуп,
Келин сүйчү кайра жаңы сезимден.

Көңүлүнө бирөө жагып калды эле,
Сый көрсөтчү кампасына барды эле.
Берерине бышып турар дайыма,
Тамагы да, шарабы да анда эле...

Дүйнө чиркин толук бойдон турабы,
(Же урдубу «жетимдердин» убалы)
Көңүлү ачык келе жатып, мүрт эле,
Көзү кетип, кулап түштү тумагы...

Сөөгүнө балдарынан келбеди,
(Айдап ийсе, балким кабар бербеди.)
Артык белем миң жаттардын ыйынан,
Боор эттин: «Атам!..», «Атам!..» — дегени.

Өлдү жигит, айтканымдай бар эле,
(Кампа жаатын өзү билер — кан эле.)
Ошол күндөн коломтосу кашайып,
Дүлөй калды дүнүйө, үй-жай — баары эле...

## «АЙ-ПЕРИ»

*(Фрунзе шаарында ушундай көркөмдүк салон бар.)*

Кыз-жигит күндө түрлөнсүн —
Карылар кабак түйбөсүн —
Калк үчүн иштейт «Ай-Пери»,
Кастарлап адам дүйнөсүн!

Киргендер чыгат жасанып,
Кирпик, каш кайра жасалып.
Кара көз, көк көз күлмүңдөйт,
Калгандай кайра жашарып.

Ээликтирип жаш деми,
Эс-дартым бүгүн «Ай-Пери».
Алдына барсам, кызматын,
Аткарар экен кай пери?..

«Ай-Пери» биздин «Ай-Пери»,
Куду эле жерде Ай теңи.
Кылыгы менен арбаган,
Кыздарын мунун айт эми!..

## ЧАЙ ИЧИШҮҮ

Чайга келүү — бирин-бири жактыруу,
Чай ичели, пейлиң тарса, жаш сулуу?
Бара-бара ынак болуп алсак дейм,
Бирге олтуруп, чай ичишүү аркылуу.

Бул турмушта түркүн тамак бар туру.
Баарынан да чайга көңүл артылуу.
Баарлашып, үйүр болуп кетсек дейм,
Бирге олтуруп чай ичишүү аркылуу...

Кайнаса эми, демдей салгын кубантып,
Бор чайнекке жыттуу чайды булатып.
«Келиңиз...» — деп сунуп берсең көңүлдөн,
Чыны астынан ак билекти булайтып...

Чай ууртасаң — сылык-сыпаа берилүүң,
Чаңкаган бейм жез оймоктой эриниң...
Ушул тапта унтуп таштап өзүмдү,
Уурутуңа кантың болуп эрирмин!..

Ызааттаmушуу — бу дүйнөдө улуулук,
Чай ичишүү — татынакай сулуулук.
Таңкы нурдай тамылжытып беттерди,
Тарай берсин чайдан алган жылуулук!

## ОЙГО САЛДЫҢ

Алыссыңбы, жакынсыңбы, ук мени —
Амансыңбы, аруу сүйгөн бир пери?
Эрке желдей ээрчип алып элесиң,
Эчен түркүн ойго салдың бу мени.

Кээ күндөрү жалгыз басып каласың,
Алдыртадан жылмайып көз карашың.
Токтото албайм, искеп өтөм желиңден,
Жетиле албай жаткан окшоп канатым.

## КУЧАКТАГЫМ КЕЛЕТ АЯЛДЫ

Кучактагым келет аялды —
Күн нурундай бийик керилип.
Шире соргон жапан аарыча,
Гүл моокуна чексиз берилип!

Кучактагым келет аялды —
Кыргый мүчө — шунча келишкен!
Көкүрөккө бүткөн эмчеги,
Көөдөнүмдү көзөп эриткен!

Кучактагым келет аялды —
Кайра айланып, көзүм чачырап!
Кучактагым келет ан сайын —
Бүткүл боюм кыйрап-бачырап!

## СЫРДАШУУ

...Жатаарда жасып чачың өргөнүңдү,
Анан да чече баштап көйнөгүңдү —
Баягы капалыкты унуткарып,
Бажырап айтып кирдиң Көлдөгүңдү:

«...Билбедим ошол күндөр кандай өттү,
Наристе кууган окшоп көпөлөктү —
Көлкүлдөп ээрип турган ырыскы бейм,
Көл сонун, көңүлүмдү көкөлөттү.

Бир эркек кай күндөрү алдым тороп,
Эп көрсөк, жолуксак дейт, болгонум жок.
Селт этип чочуп кеттим мындай ишке,
Сен менен үйдө калган балдарды ойлоп...»

Дедиң да, андан ары узартпадың,
Бурулуп бери карай, кучактадың.

Сезилип турду каккан жүрөгүңдөн,
«Сенчи?..» — деп сөздү мага узатканың.

Мен болсо ал күндөрү китеп таптым,
Акындын жакшы ырларын сүйүп жаттым.
Таарынып сага жүргөн ойлорумду,
Тазалап көкүрөктөн сүрүп жаттым...

## ЖАМАН ЭКЕН...

Жаман экен «атка минер» аялың:
Бир чарбанын бир өңүрүн бийлеген.
Өктөм сүйлөп, өктөм жүрүп өтөм деп,
Кадыр-көңүл калатыңды билбеген...

Жаман экен «атка минер» аялың:
Көпчүлүккө келгениңде кошулуп —
Эдиреңдеп эркектерден иймeнбей,
Эри турса тост көтөрткөн озунуп...

Жаман экен «аткан минер» аялың:
Жөнөп турган жогор жакта чоңдорго.
Кайыл болуп баарысына өзү үчүн,
Канча убакыт өткөрсө да ортодо...

Жаман экен «атка минер» аялың:
Түнгө чейин иши болбой үй менен.
Бир аз эле тарбиялык кеп айтсаң,
«Билгениңди кылып ал» — деп сүйбөгөн...
Жаман экен «атка минер» аялың...

## БИЛБЕЙ ТУРАМ...

...Аял менен али да келишпедим,
Жеңбеди ал, баш ийип — жеңилбедим.
Арабыздын салкыны чыйрыктырып,
Ач аарыдай аргасыз «жем» издедим.

Иштен келип, саат тогуз-ондордо,
Уйкум келет, неге ушуга тойбоймун?!.
Жиреп чыгып коңур түндү ыр менен,
Неге акындык баралыма толбоймун?!.

«Ата-Журтту» жаздай жатып башыма,
Ары жок ай, неге акынды тоотпоймун?!.
Ачууланса Алыкулдун арбагы,
Ата көрү-ү... боздоорун бир боздоймун...

## ЖАЛГЫЗ КЕТИП БАРАТАМ...

Жалгыз кетип баратам...
Жалгыз кетип баратам...
Жабыр тартсам, билээр жок,
Жан жагымды карасам.

Турмуш өзү — төрт мезгил:
Бирде бороон жол торойт.
Бирде аптап чакыйып,
Бирде жамгыр шорголойт.

Жолго чыгып алган соң,
Жетер болсом муратка —
Жамгыр, бороон, бурганак -
Жаным калса бул аз да!

Мээнет кайтып, бар чыгар,
Мен тагдырдан аласам.
Байкап алга басмайын,
Балким издеп адашам?..

Жалгыз кетип баратам...
Жалгыз кетип баратам...
Жай алмакка бир азга,
«Жалгыз талга» жанашам.

# ПОЭМАЛАР



## ҮЗҮЛГӨН ҮМҮТ

ПРОЛОГ ОРДУНА

*Айылдамын: ашка, тойго барамын,*
*«Чакырыкка» кулак төшөп каламын:*
***«...Ал атадан тукум жок»,— деп калганда,***
***«Аттиң ай...» — деп төмөн түшөт кабагым.***

### 1. Окууну аяктоо

Күндөн күнгө, кырда, түздө,
Гүлдөр бүрүн жаңы ачып.
Күлүмсүрөйт июнь айы,
Күлгүн жашка жарашып.

Эртели-кеч окуучулар,
Шайыр басат көчөдөн.
Көркке бөлөп кыштак ичин,
Гүлдөрү көп көтөргөн...

Экзамен класстары,
Эң бир кооз жасалган.
Турсаң карап, кем калышпайт,
Түркүн гүлдүү базардан.

Ата-эне да бул күндөрү,
Аяп турат балдарын:
«Аякта» — деп «жакшы» менен,
Аман-эсен калганын»

Кандай болот мына бүгүн,
Эң акыркы аттамак»
Тынчы кетип окуучулар,
Келишкен эрте акмалап...

Химиянын заттарынан,
Мезгил жетти «абайлаар».
Отурушту катарлаша,
Эжей менен агайлар.

Билгендерди, берген суроо,
Алып чыгат эмеспи,
Китептен да эркин болуп,
Ташып чыгат эмеспи.

«Жакшы» деген баа алышты,
Онунчунун баарысы.
Ойдогудай аякталды,
Орто билим жарышы...

Күн да келди көптөн күткөн,
Аттестатты тапшыруу.
Окууга өтүү, ишке кирүү —
Ким каякка — талпынуу.

Акыл кошоор сөзүн айтып,
Акырында директор:

— Ак жолуңар ачылсын! — деп,
Баарысына берди кол.

Төрөлгөндөн эң биринчи,
Колун кармоо агайдын.
Так ушу күн эсте калар,
Тамчысындай таалайдын.

Кош айтышып окуучулар,
Үйлөрүнө кайтаарда.
Оңош агай шашып келип,
Эмнегедир кайта да:

— Борончиев, мындасыңбы,
Директор кел деп чакырат,
Сүйлөшөм дейт бир азыраак,
Күтүп калды, жүргүн бат.

Кирип барса, олтурушат,
Мугалимдер казкатар.
Төрдөн туруп директор өзү,
Суроо салды баш катаар:

— Он жылдыкты деги бүттүң.
Орто болду билимиң.
Ушул баштан кызмат иштеп,
Калк көзүнө илингин.

Кезиттерге кез-кезинде,
Кабар жазып жүрөсүң.
Сүрөт тартып, комуз чертип,
Спортту абдан сүйөсүң.

Алыс кетүү кыйын сага,
Ал-жайыңды билебиз.
Айлыңа эми мугалим бол,
Иштешебиз бирге биз.

Кана уулум, кандай дейсиң,
Көп кыйналып отурба.
Макул десең, жиберебиз,
Жарым жылдык окуугa.

Аман болсок, санап көрчү —
Алты айда эле келесиң.
Турба уулум, үйгө барып,
Таежеңе кеңешкин.

Бул сунушту жактырышып,
Баарысы айтты акылын.
Эсен чыгып сүрдөп-тердеп.
Басты үйүнө акырын.

Башы болду эңги-деңги,
«Иштеймби» — деп бат эле.
Жүрөк дүк-дүк эмнегедир,
Жер көчкөнсүйт басса эле.

Курбулары кеп салышкан,
Бирге окуп, бир жүрүп.
Кай бирөөсү колхоздо эле,
Калышаарын билдирип.

Тилектери орундалып,
Мезгил жетип санаган.
Кой кыркынга барабыз дейт,
Калыс, Бектур, Самаган...

Каалганы ачкычакты,
Ойлор болду сүрүндү.
Аттестатты көргөзгөндө,
Таеже — эне сүйүндү.

Кубанып эне калдалактап,
Чайды дароо кайнатты.

«Же балам» — дейт — бүгүн майрам,
Жыйган көп күн каймакты.

Эсенбектин көңүлү суз,
Чүңүрөйүп көздөрү.
Кур талаага кетип жатты,
Кубанган эне сөздөрү.

— Айланайын, өңүң башка,
Турасың бейм аруулап.
Сыноо берип чарчадың го,
Жат, эс ал,— дейт ал улап.

### 2. Эне-атанын элеси

Бала жатат түркүн ойдо,
Не бир уйку келсечи.
Көз алдыга турду келип,
Эне-атанын элеси:

...Жайлоо шаңы бүткөн убак,
Жайыттарга кар түшүп.
Чүй — жакага опур-топур,
Жатты баары көчүшүп.

Буйлалаган атан төөнү,
Атам булкуп чөгөрдү.
Артып жатты, артып жатты,
Жүк үстүнө көбөйдү.

Ошол жүктүн дал ортосун,
Орун жасап балага.
Бадыгүл апа уулуна айтат:
«Жатып ал» — деп — садага.

Анан апа атка минди,
Жүктүү төөнү жетелеп.

Көч келатты, көч келатты,
Шагыл бетти желкелеп.

Борончу атам төө бккан соң —
«Төөчү» делип аталган.
Жүздөн ашуун төөлөрдү айдап,
Келе жатат аркадан.

Узунду күн жүрө берип,
Коктуларга кеч кирди.
Төө кылчайып «белим» дебей,
Төкпөй-чачпай жеткирди.

Апам деги баатырбы дейм,
Ыкчам-ыкчам теминип.
Шагылдардан өтүп келет,
Төө жетелеп, ат минип.

Ботосу өлгөн бир инген бар,
Боздоп-боздоп келатат.
«А байку-уш!» — деп апам улам,
Уксун дейби — бек айтат.

Эл чогулуп, бата тилейт,
Ашуунун дал түбүндө:
«Оо, жараткан, жол берегөр,
Айдын жарык түнүндө!».

Эң алдыга кой айдалат,
Алга салып эркечти.
Ашуу белге жол салышып,
Алар абдан эрдешти.

Жайнап калды мөңгү үстүндө,
Койдун, уйдун издери.
Алар болсо ача туяк,
«Жылма таман» биздеги.

Тайыса эле — кетти дей бер,
Типтик төмөн — дайынсыз.
Ашуу белде кар себелеп,
Ар мезгилде дайым кыш...

Ысык-Ата татаал ашуу,
Малчылардын ыгы бар.
Төөлөр кээде тизелешет,
Жылда көнгөн шыгы бар.

Кайра токтоп эс алышат,
Катар-катар чөктүшүп.
Акыркысы калч-калч этип,
Калды ордунда бөктүшүп.

Ичке белде жатат белем,
Ичте кайнап арманы.
«Жардам бергин» деген сымак,
Жал-жал карайт адамды.

Анда атам ачууланып,
Кирди артынан ургулап.
«Коркуп турам» — деген сымак,
Көздөн жашы кылгырат...

Түзгө түштүк, түгөнгүрлөр,
Туш-туш кетип, токтобойт,
Ар кай жерден чогойно kyyп,
Андагыдай оттобойт.

Кара буура — башчысы бар,
Коркунучтуу башкага.
Аны алдынан кайрый алат,
Атам гана башкара.

Кыш күндөрү — кирген чакта,
Кычыратып тиштерин,

Жакшы көрөт ооналактап,
Жаңы кардын түшкөнүн.'

Ак көбүктү чайнай берет,
Алдыңкы эрди шалбырап,
Андан төмөн салбааланат,
Ак кебездей салбырап.

Карга оонап, качырууга,
Караан көрсө ашынат.
Атам анда союлдаса,
Араң барып басылат...

Мына ошентип төөлөр менен,
Тогуз жашым өтүптүр.
Байкап көрсөм босогодон,
Боюм бир топ өсүптүр...

Күндөгүдөй бүгүн дагы,
Жайытынан кеч келип.
Аттап үйгө кирер замат,
Атам айтты эскерип:

— Эч ким бизди окутпады,
Кур дегенде молдодон.
Анда айылда мугалим жок,
Турмуш көрдүк болбогон.

Аз күндө окуш башталат дейт,
Апек айтты кабарды.
Ансыз деле бир жыл калды,
Алып баргын дейт баланды.

Эртең өзүм таштап келем,
Таежеңе — жакага.
Тамга таанып, китеп окуп,
Кошул балам катарга.

Калем жок деп кайгырбагын,
Колхоз берет тыйынды.
Көп-көп кылып сатып берем,
Китеп, көйнөк-шымыңды...

Көп балдарга кошулсам деп,
Көптөн жүргөм зар болуп,
Сүйүнгөндөн сыртка чыктым,
Үйдүн ичи тар болуп.

Ай жарыгы бүт көрсөтөт,
Адыр — туш-туш тарапты.
Кемегеге жакын келип,
Кепшеп жаткан тайлакты!..

Так эле биз турган жерден,
Төмөн түшкөн жол жатат.
Эх, эртең биз жөнөйбүз ээ,
Эми кантип таң атат?..

Кичинемде минги тайлак,
Төөнүн болчу жоргосу.
Эки адамга орун болду,
Эки өркөчтүн ортосу.

Мени өпкүлөп жөнөөрүмдө,
Мөлтүр жашы байкалып:
— Аман бар!.. — деп апам калды,
Адырда төө кайтарып.

Жол бойлогон булак суусу,
Ээрчип келе жаткандай...
Тээ төмөндө талаалар көп,
Жашыл, сары тасмалдай

«Жалпак таман» тыным албай,
Жумшак жолдо топулдап.

«Сары өзөнгө» кирип келдик,
Салып-уруп — локулдап.

Бизди көрүп көчөлөрдөн,
Балдар ээрчийт топурап:
«Карагыла, карагыла,
Катар экөө олтурат!»

Жыгылчудай чарчаганбыз,
Жолду тиктеп үңүлө,
Жарым түндө таежемдин,
Түштүк келип үйүнө...

Ошол бойдон мен окууда,
Экинчиге көчкөндө.
Көпөлөк кууп, каакым терип,
Көңүл өсөөр көктөмдө:

Тоодо жүргөн төөчү болуп,
Атам көзүн жумуптур.
«Асылым!» — деп ыйлай берип,
Апам абдан куруптур.

Атамды ороп алып келишти,
Мында — айылга көмүүгө.
Молдо арандан руксат этти.
Ачып бетин көрүүгө.

«Атакем!» — деп баса калып,
Өпкүлөдүм бетинен.
«Болду, тыйыл, кайрылбайт!» — деп,
Тартты бирөө белимен...

«Төө-Коктуну» үзбөй карайм,
Көзүм андан бөлүнбөйт.
Атам түгүл ал тарапта,
Ак тайлак да көрүнбөйт.

Басылбастан кала берди,
Боздосок да эңсөөбүз.
Жалпак тамга кирип алдык,
Жалгыз апам — экөөбүз.

Жалын жутуп апам байкуш,
Жүрсө дагы жөтөлүп.
Кыш жакындап келатат деп,
Келет куурай көтөрүп.

Жарма ичип олтурганбыз,
Ошондо минтип жалбарат:
«Жети балам жерде жатат,
Жеди го оору жалмалап.
Оо, кудайым, шек келтирбейм,
Жалгызыма канагат!..»

Билинбестен күндөр өтүп,
Бир аз көңүл ачылды.
Жакшы окуйм сабагымды,
Жаттап кирем жакшы ырды.

Бир күнү эле апам ооруп,
Турбай калды төшөктөн.
Таежем келип: «Катыгүн..» — деп,
Молдо алып келди төмөнтөн.

Майсыз чырак билигиндей,
Барат көзү жумулуп.
«Апа!» — дедим, кара жашка,
Кайра баттым жуурулуп.

Элдин үнү даана угулду,
Жыйсам араң эсимди:
«Тойгузуп бак Азим жеңе,
Топтоголок жетимди...»

### 3. Тилек

Эне-атаны — өткөн күндү,
Жата берип элестеп.
Тура калды күн чыкканда,
Шаша-буша Эсенбек.

Турду дагы, жүрдү көпкө,
Эски тамын айланып.
Чай кайнады, эне үн салат:
«Калдыңбы анда байланып!»

Дасторконго бала олтурат,
Көздөрү анын күлүңдөйт.
Эне байкап: «Көңүлүң ачык,
Эмне көрүп-билдиң»,— дейт.

Эсен айтат тилек менен:
— Таштабаймын ушул бойдон.
Короо-жайын атамдын.
Көрүп келдим, быйыл жазда,
Жаңы үй сала баштаймын.

— Ошент балам, ошент балам,
Берет жаштын тилегин.
Окуса эле, иштесе эле,
Жакшы болсо кимде-ким.

Көчө түшүп, үй салганбыз,
Жаңы колхоз болгондо.
Токол тамга андан бери,
Кырк жыл болду болжолдо.

Атаң анан төөчү болуп,
Төөгө кетти айланып.
Калды ошондон көп жылдары,
Каалгасы байланып.

Бир атадан тукум улаар,
«Туяк» деген болосуң.
Окуп кел балам, оку десе,
Кыдыр болсун жолдошуң!..»

Бата тиленип, жолго чыкты,
«Жакшы тургун эне»,— деп.
(Апасындай асыраган —
Калган анан «энелеп».)
Аман болсом кайра айлыма,
Алты айда эле келем деп.

### 4. Акыркы күндөр

Иштеп калды мектебинен,
Мөөнөт өтүп арадан.
Жеткинчектер «агай» дешип,
Ынак болду абыдан.

Сурнай үнү созолонот,
Сбор шунтип башталат.
Рапорт берип отряддар.
Жаркын маанай — каш-кабак.
Окуу-тарбия, эмгек ишин,
Эсен өзү башкарат.

Колу эптүү жаш мугалим,
Кечке болот мектепте.
Көндү балдар, көндү кыздар,
Көрсөткөн ал мээнетке.

Дене тарбия сабагында.
Мурда ойношчу ар кандай:
Же «качмай топ, же «дүмпүлдөк»,
«Жоолук таштамай», «көз таңмай».

Аянт түзөлүп, жип тартылып,
Ишти колго алганда.

Комсомолдор, мугалимдер,
Кошулушту жардамга.

Жаш мугалим ишин колдоп,
Колхоз дагы кириштн.
Алды спорттук товарларды,
Бололу деп бирдиктүү.

Чуркама жол ортосунда,
Футбол ойнойт көп балдар.
Үстү-астыдан топту тосот,
Дарбазачы — вратарь.

Бери жагында волейбол, баскет,
Мамылары орноду,
Эсен иштеп жигер менен,
Мугалим — вожатый болгону.

Вожатый балдар ортосунда,
Оңго-солго үңүлөт.
Шак токтотуп ката кетсе,
«Минтип үйрөнгүлө...» — деп.

Ошол күндөн мына ошентип,
Спорт иши жанданды.
Жаш талапкер аябады,
Ыр-хорго да жардамды...

Токол тамды бузуп салып,
Так ордуна там салды.
«Ой, иштерман чыкты» — дешип,
Өткөн-көргөн таң калды.

Көрүп чыгып бөлмөлөрүн,
Каалоо айтат карылар:
«Адам болгун мына ушинтип,
Ата журтун кадырлаар».

Жолдош-достор огоеле көп,
Санап келсек — кеп узун...
Кайрат берет бүтөбүз деп,
Калыс, Бакир, Бектурсун.

— Жазда кирем, шашылыш жок,
Тура турсун быйыл кыш...»
Деп айткыча, дем кыстыгып,
«Тыз!.. — дей түштү жүрөк туш...

Байкаар замат эне келип,
Кармай калып тамырын:
«Айланайын, Эсен, Эсен,
Айтчы кимге таарындың?!
Умтулду элең, жетпей калдың,
Ушундайбы тагдырың!..»

ЭПИЛОГ ОРДУНА

*...Борончу жок. Эсенбек жок бу күндө,*
*Ошол үйдөн корей чыгат күнүгө.*
*Аттиң чиркин, атпай кыргыз калкынын,*
*Бир туягы кемигенге күйдүм ээ!..*

## ЖАКШЫЛЫК

### I

Эчен ирет төгүлүп да чачылып,
Эл мөгдүрөп калган эмес жашыгып.
Ак батадан айрылбаган бабалар,
Арты деги болсун дешип — ЖАКШЫЛЫК.

Тарыхты ачып, өткөндөрдү карагын,
Тоолуктардын үмүт, пейлин баалагын.
Жакшы заман болсун үчүн алдыда,
«Жакшылык» — деп атын коёт баланын.

Азыр деле биз жатабыз жактырып,
Метрикага ушул атты жаздырып.
Улуу тынчтык ушул бойдон урабай,
Урпактарга калсын үчүн «Жакшылык».

Ошол-ошол бабаларды барк кылып,
«Кайра куруу», «Кыргыз тилин» жактырып...
Урпактардан урпактарга ушинтип,
Улануунда эл мүдөөсү — ЖАКШЫЛЫК.

### II

Салам сага, замандашым Жакшылык,
Жаныма отур, жакшы сүйлөп каткырып.
Ак булуттун үстү менен учалы,
Жомоктогу куш канатын кактырып.

Мына «шумкар» канаттарын күүлөдү,
Аба тартып артты карай үйлөдү.
— Алдыңарда куруңарды байлан,— деп,
Асылгүл кыз алдын ала сүйлөдү.

Күркүрөдү аба менен арбашып,
Күчтүү буттар жерге бекем жармашып.
Көп күттүрбөй «алдоо» коюп ийди бейм —
Кеттик эми жерди асманга алмашып!

Боло түштү элде бир аз тунжуроо,
«Ичтеринде: «Учтукпу?».. — деп бир суроо.
«Салам айтат Кыргыз учкучтар» — дегенде,
Эл кымылдайт, өткөн окшоп бир сыноо.

А Жакшылык эми ачылып сүйлөй бер,
Алды жакта калып барат тууган жер.
Ана-ана адыр бойлоп Чүй суусу,
Аңкып жаткан чөлгө кирди, карап көр!

Алга дагы баратабыз өөдөлөп,
Аңырайган асман ичин өрдөлөп.
Катар-катар өтүп жаткан жер-суулар,
Кагаздагы чиймелердей өңдөнөт.

Барган сайын пастап-пастап күрүлдөк,
Отургандар жыргап келет күлүңдөп:
«Маектешип, мээ сергитип каларбыз,
Мейман болуп орус элде бүгүн деп».

Такыр эми көрүнбөстөн жер калды,
Түк блинбейт «ак шумкардын» жылганы.
Үйдөгүдөй эт жеп, суусун ичебиз,
Эч көрбөгөм мына ушундай жыргалды.

Жирегенде ак кебездей алкакты,
Ойго кеттим: «Кучак-кучак алсакпы,

«Кыял» деген жазуусу бар мынабу,
Капчыктарга шыкай-шыкай салсакпы?..»

Бизге керек ушундайда сый-акы,
Бир сүртүмүн бир өбүүгө сатсакпы?
Ойсоктогон ала-тоолук кыздарды,
Ого бетер сулуу кылып салсакпы?..»

Оо, курбалым, замадашым Жакшылык,
Неге күлдүң мени карап каткырып?
Айтканымча ичимдеги оюмду,
Ашып кеттик булуттарды калтырып.

Кыз кабарлайт: «Алдыңызды караңыз,
Он миң метр бийиктикте барабыз...»
Эске түшөт: «Так эле ушул эмеспи,
«ЖАКШЫЛЫК» — деп тилек кылган бабабыз».

Кайра да айтат: «Арал деңиз, караңыз,
Бир аздан соң Урал тоого барабыз».
Көңүл кушун көкөлөткөн сөз угуп,
Көзчөлөрдөн төмөн карап калабыз.

Арал жатат, алда кайда уч жагы,
Агыш тартып жээктери, туш жагы.
Ширеңкедей айнектерден көрсөк да,
Шилекейге келе түшөт туз даамы.

Анан калдык акмалабай, тынч алып,
Аягында бир аз-бир аз уктадык.
Анткен менен жүрөгүңө сезилет,
«Алп кара куш» сызып барат учтанып...

Оо, Жакшылык, замандашым, курдашым,
Уйкуңду ач, бери бурул, бол бачым.
Үстүндөбүз, мелт-калт этет карачы,
Узак аккан улуу орус Волгасын.

Даана көрчү, дагы-дагы эңкейчи,
Ана Волга — дайралардын энеси.
Тээ-тетиги кемелерде жүктөлгөн.
«Жигулиңдин» запчастары эмеспи?..

Волга жазы, Волга зор деп эл айткан,
Бирок андай көрүнбөйт ко ыраактан.
Сонкуркоо да калды такыр таркабай,
Сызып өттүк — болуп эле бир аттам...

Көз алдыга жайган окшоп алакан,
Көрүп келдик түркүн жерди баятан.
Жара тартып жашыл, күрөң өңдөрдү,
«Жаныбарым» баратканы-бараткан!

III

Токтоо бербей бир козголду делебе,
Толкунданып, сүйүнүч артып денеде:
«Тагынгыла байлануучу курларды,
Ылдыйлайбыз — конуучу жер»,— дегенде.

«Алп кара куш» алып адам буйругун,
Жашыл жерге жакындатты куйругун.
Билинди эми жерди чийип буттары,
Белен жолдо уруп барат кулдугун.

Көрктөндүргөн улуу борбор калаасын,
Көкүрөккө жуталы деп абасын.
Көз тигебиз көзчөлөрдөн үңүлүп,
Көркөмдүү бир токойлордун арасын.

Эми сыртка чыкчу болуп атылып,
Тура калдык калпак кийип, шашылып.
Асыл кыздын үнүн күтүп турабыз,
Азыр-азыр эшик ачат чакырып...

Калдалактап кай биреөгө мыш болуп,
Калың журтка байкалбайлы тыш болуп.
Ээ, курдашым эл сөзүнө көңүл бөл,
«Темир тулпар алпарат»,— дейт тыз коюп.

Анысына түшсө түшүп көрөлү,
Арбын чыгар ушундайда көмөгү.
Адаштырса, сураштырып аларбыз,
Анын бир аз кыялына көнөлү.

Кана, түштүк, жер көрөлү жол боюн,
Дагы көп бар барар жерге болжолу.
Дарбазага кире берип токтойлу,
Таскактаган тулпар минип бул жолу.

IV

Жашыл токой, чөбү белден буралган,
Жашылына жүрөк чыңдап кубанган.
Желпип өтсө «темир тулпар» эпкини,
Жан жагына аз-аз калат куланган.

Бир район камсыз болмок болжолу,
Көз кызыгат, чөп тизеден, чөп коюу.
Биздегидей чаптырбайбы жабылтып,
Же бу жактын жок болобу уй, кою?..

Минген тулпар келе жатты жүгүрүп,
Тулаң чөптү улам артка чимирип.
Арчалынын жылгасынан чапкандай,
Ата көрү, шилтесек ээ биригип!..

Мына чыкты кең борбордун үйлөрү,
Асман тирейт, эмне деген үй деги!
Курган экен келиштирип чиркин ай,
Кудум эле китепке окшойт иймеги.

Сексен-токсон чакырымга «көк тулпар»,
Жарым саат жанын үрөт жетти го.
Торго салган коондорду көтөрүп,
Түшө калсак так маңдайда: «Метро».

Жер түбүнө түшүп кеттик эл менен,
Жер үстүндөй леп-леп этет жел деген.
Мында дагы «көк тулпарлар» көп экен,
Кубаласа Куюн Маамыт жетпеген.

Токтой калса, бөйрөктөрү ачылып,
Коркпой-үркпөй кире бердик качырып.
Зуу бир коюп, кайра пастап калса эле,
Токтоочу жай» жарк дей түшөт азгырып.

Жер астынын коодолгон ичин ай,
Музей окшоп, көпкө карап турчудай...
Болжогон жер дале болсо алыста,
Болот тулпар таскак урат чиркин ай!

Мелт-калт толо адамдардын басымын,
Байкап турсам жер астынан асылын.
Козулардай коондорду көрсөтүп,
«Каяктан?..» — дейт орус тууган акырын.

Бул суроого болуп калбай тымызын,
Улуу тилди билгендигим — ырысым.
Жооп бердим мен өзүндөй акырын:
«Кыргызстандан, өзүм дагы кыргызмын»...

Оо, курбалым, замандашым Жакшылык,
Жоголбойлу жер астына «жашынып».
Боюң бир аз бийигирээк, окучу,
Босогодо тургандарды жазылып.

Жүргөндө эле катуу кетет, карачы,
Боло берип туш тарапка алагды.

Көкүрөктөн чыгарбасаң, биз барар —
«Карл Маркс», «Революция аянты».

«...Жер алдында жүрсө элдин мынчасы,
Жер үстүндө болду экен канчасы?
«Тулпар» токтоп, топтолтура ушунча эл,
Түнгө окшогон ара жолдо калсакчы?..»

Утур токтоп, кайра зуулап баратса,
Ушундай ой башка келет заматта.
Керегеде катарлаша жазылган,
Кемип бүттү токтоочу жай санатта.

Келип калды, керек эми күчтөнүш,
Коондорду сүйрөй-сүйрөй түшөбүз.
Эрте жеттик, эс алалы магдырап,
Эртең ондо башталмакчы күткөн иш.

V

Жарашыктуу Улуу борбор калаасы,
Жан сергитип, жандап алат абасы.
Катарлаша эркин басып келебиз.
Кыргыз уулу, кыргыз кызы — баласы.

Бир азыраак көнө түштү бут дагы,
Кыймылына, кыйма-чийме туш жагы.
Тээ тигинде «ВДНХ» заңкаят,
Дарбазасы — тиги маңдай туштагы.

«Космоско жол» — көктү көздөй атылган,
Кылда учунда «Восток» барат шашылган.
Ураалайбыз туруп алып түбүндө:
Уч, корабль», закымдансаң закымдан!»

Эл аралык жармаңкеге келген соң,
Бирине эмес, баарысына баруу оң.

Фрунзенин теректери сыяктуу,
Тирелишет нечен-нечен павильон.

Павильондор астындагы гүлгө ороп,
Асыл сезим тартуу кылат олжолоп.
Анда деле алаңдатып, чуркатып,
Ач көздүк бар — тынч тургузбайт ойдолоп.

Оо, Жакшылык, замандашым пейли мол,
Бери кайрыл, бир керемет, бери кел!
Суран ата айтып калчу баягы:
«Суу үстүндө бийлеп турат перилер!..»

Апам айтчу: Көргөзмөгө жөнөткөм,
Биз кыз бар деп биз жашаган элеттен.
Тааныдыңбы, тааныдыңбы ошону —
Так эле өзү — Оо, Айганыш эжекем!..

Ардакталып — алтын болуп өңүрү,
Ар убакта ачык окшойт көңүлү.
Аппак жүзүн жууп турат байкасаң,
Атырылган алтын балык көбүгү.

Бийле эжеке, курбуларга кошулуп,
Бир жыргайлы, бир аз карап отуруп.
А баягы кызыңарды көрдүк деп,
Ата-энеге айтмай болуп озунуп.

Алар дагы бизден бетер кубансын
Кыт-кыт күлүп, беттерине нур алсын,
Көргөнүңөр жакшылык деп — ылайым,
Кайратына кайрат кошуп тура алсын.

Кана эмесе, жүр, курбалым, туралы,
Жакшылыкка жакшылыкты улайлы.
Көп өлкөдөн келген элдер күтүшүп,
Көргөзмөнүн болду ачылар убагы...

VI

Толуп чыкты оператор көчөдө,
Ачыларда Эл аралык көргөзмө.
Кайсы өлкөдөн экендигин билдирген,
Көкүрөктө жазуулар бар өзгөчө.

Көтөрүлдү жармаңкенин желеги,
Элүү метр бийиктикте — не деги!
Жел желпиген жазууларга көз тигип,
Элди кара оозун ачкан берегиi!

— Бул жармаңке — бул тарыхтын барагы,
Бул барагы — Улуу Тынчтык кадамы,—
Ачылышта айтты күчтүү дем менен,
Азиз мейман ЮНЕСКОнун адамы.

— Мында дүйнө китептерин көрөбүз,
Көркөмүнө абдан көңүл бөлөбүз.
Тынчтык үчүн кызмат кылсын китептер,—
Деди Иванов — борбордогу моторист.

Лента кесилип, эшиктер кең ачылды,
Миң-сан китеп — кызыл, көгү, ак, сары...
Көп өлкөнүн турат ыйык төрүндө,
«Маркс», «Ленин» — деп жазылган аттары.

Китептер бар тери менен капталган,
Китептер бар алтын менен чапталган.
«Саади», «Жаами», «Рудакилер» сыяктуу,
Замандардан-замандарга даңк кылган.

Чылк китепке тосуп берип ийинди,
Советтик зал көркко келип — «кийинди».
Бир тарапты алоолонтуп бүтүндөй,
Лениндин кызыл туусу илинди.

Туу астында турду балкып Советтер,
Советтердин китептерин карап көр —

Ракета, бомбалардын жыты жок,
Кептер учат, чалкыйт тоо-түз, чалкыйт көл!

Бир-бирине болсо дагы канатташ,
Тээ нарыда өлкөлөрдөн катат баш...
Топ жылдыздай орун алган бу жерде.
Он беш желек, он беш герб катарлаш.

Ошолордун бири мобу — береги,
Оттой жанган Кыргызстан желеги.
Не бир сонун китептерин көрсөтүп,
Мээрим менен тосуп турат келгенди.

«Алп Манастан» төрт томбу деп китеби,
Чет өлкөлүк таң калыштуу тиктеди.
Далилдөөдө эркин элдин жазмасын,
Дагы берки китептердин тизмеги.

Оо, мындайда, минут, саат тез өтүп,
Далай элдин кыргыздардан көзү өтүп,
Англичан, япон, француз болсо да,
«Айтматов!» — деп бизди калат көрсөтүп.

Алган алар «Кыяматты» колуна,
Кардар түшөт «Кыргыз жомокторуна».
Качан бүтөт, качан келсек болот дейт,
«Ак кардагы умай эне» тоюна.

Атын уккан, алып колго «Манасты»,
Бер, бер, дешип нечендери талашты..
Ошолордон биз да китеп жактырдык,
Ойдогудай орундатып талапты...

Кыргыз калкым дүйнө элине теңдешип,
«Берем-алам», «Кол коёлу — кел»,— дешип.
Туш тараптан келгендердин баарысы,
Таң калышты таланттуу зор эл дешип.

VII

Мына ошентип асыл курбум Жакшылык,
Апта ичинде арбын китеп жактырып.
Жакшы иш кылып отурабыз жайдары,
Жарп жазылып, көңүлдөрдү жаз кылып.

Жети күндө токсон өлкө табышты,
Бир-бирине бериштн да алышты.
Мемиретип түзүп берген бүт шартын,
Улуу борбор мээримине каныштты...

«Жыйын бүттү, тура бербей бапырап,
Кана балдар, жыйналгыла батыраак.
Шырдак, кийиз эби менен оролсун» —
Деди аксакал кубанычтуу бакылдап.

Эл тааныган китептерди барк алып,
Эң бир кооз, нечен табак басмалык.
Эби менен, сыны менен чебердеп,
Эми кайра жыйыштыра баштадык.

Эмгекчилдик каныбызда үчүнбү,
Тазаланып улам текче үстүнкү.
Көрүп алгын алгырлыкты мындайда,
Көз ачымда бүттү жумуш үч күнкү.

Манжаларың кокус кетсе аралай,
Оо, китептин бала жыттуу барагы ай!
Каның дагы «дүр» дей түшөт негедир,
Канткенде анан коймок элең баалабай.

Көп китептер чоң жыйында жарышты,
Өз-өзүнчө байгелүү баа алышты.
Жеңиш менен туулган жерге аттанып,
Том-том болуп келет кайра баарысы...

## VIII

Кел, Жакшылык — замандашым, курдашым,
Аралайлы улуу борбор гүл багын.
Тээ тигинде турат Пушкин, карасаң,
Туура тушта — гүлдүү Тверь бульварын.

Кебетесин көрчү-көрчү алдыгы,
Же болбосо бизди тиктеп калдыбы?..
Бир сап ырын оңдосом деп тургандай,
Ойго түшүп өткөндөрдүн бардыгы.

Бийик-бийик мунаралар өлчөөсүн...
Бир аз-бир аз сонундарды көз көрсүн.
Кош айтышып кеткичекти эртеге
Көрөлү да «Горький» деген көчөсүн.

Оо, курбалым калыс болчу жактырып,
Тулпар миндик нечен жерди бастырып.
Кызыктырып улам алга жетелеп,
Улуу борбор күлүп-жайнап — жакшырып.

Ээ-жаа бербей алга баштайт эл көчү,
Эми «Горький» кең аянтта өзгөрдү.
Так алдыда — дөңсөө жерге кадалган,
Кызыл жүздүү Кремльди көз көрдү!

Тасма жолдун таманына салынган,
Такта-такта таш күзгүлөр таарылган.
Таскак уруп танктар далай өтсө да,
Такыр эле бузулбаптыр бабынан.

Кремлге келип жеттик шашыла,
Так-так эте таман тийип ташына.
Обологон жылдыз турат нурданып,
О, чиркиндин татынасы-татына!

Айландыра орой салган дубалын,
Айтуу кыйын адам колу курганын.

Бийигине, калыңына көз тоёт,
Бул дүйнөдө таркай түшөт кумарың.

Андан нары бир аз-бир аз басканда,
Ай көрүнөт, күн көрүнөт асманда.
Кремль да ортосунда алардын,
Кудум окшоп Нарындагы аскага.

Ушул тура Улуу борбор дайрасы,
Кең мекенге тийген абдан пайдасы...
Көп көрүнөт көкүрөккө калтырар,
Курбум сен да туш-тушуңду байкачы?

Көпүрөнү көрчү тиги иримден,
Берки өйүздөн наркы өйүзгө илинген.
Бали ушул сымбатына — көркүнө,
Бир көчкүлүк жерге жетип ийилген.

Укчу, мына, кубандырып кулакты,
Бийиктиктен согуп кирди куранты.
Турат саат тупа-туура он болуп,
Мавзолейге келди кирчү убакты.

Шашылалы, замандашым Жакшылык,
Курант үнү бизди жатат шаштырып.
Чыйыр менен биз да кадам шилтейли,
Чубалжыган эл артына шак туруп.

Ар ким тилейт: «Дагы гүлдөп өсөлү»,
Ошол элдин таалай-бакыт өзөгү —
Улуу көсөм Лremoved ининден таралган,
Ленинге таазим кылып өтөлү.

Байкагандай имерилип басканды,
Тыңдагандай тынчтык күндү — асманды.
Ичкериге кирген кезде, нурданып,
Ильич жатат — революция ак таңы!

Калың журтка кагып турган бийиктен,
Бүткүл аалам таасирине ийиккен.
Анын өлбөс жүрөгүнүн кылдары,
Кремлдин саатына бириккен.

Ошондуктан ойго чөмүп тынч жатат,
Өмүр сүрүп, жүздөн ашуун жыл жашап.
Мемиреген калыбында буйруса,
Дагы-дагы эки миң жүз жылды ашат!

Турмуштагы өмүр-жашоо күндөгү,
Ленинде бүткүл ойдун түрмөгү.
Ар бирөөгө өз-өзүнчө сүйлөшөт,
Анын сүйкүм түбөлүктүү тирүү өңү.

Эске салып: «Ушуну иште, бол бачым».
Олжо кылат келечектин шооласын.
Лениниден узап бара жаткандар,
Иле чыгат эркиндиктин шоонасын...

Эми мына, замандашым Жакшылык,
Биз да узадык Кремлди калтырып,
Ильич ата тирүү экенин көз көрдү,
Чын экен го элде жүргөн айтылып.

Элестеп кал Кремлдин дубалын,
Сен сүрөтчү — арбыт талант дымагын.
Ушул бойдон полотного керилтип,
Тартчу болсоң, тарта турган убагың!..

IX

Тынчтык үчүн күчтү бирге кошууну,
Дүңгүрөдү дүйнө элинин кошуну.
Толкуну зор океанга кыргыз да,
Тоодон түшкөн дайра болуп кошулду...

«Алп кара куш» канат кагып, уч кайра,
Тынчтык күндө бул заманда учмай да!
Жеткен окшоп жети күндө спутник,
Жетип турат калпагымдын учу Айга...

Түш оогуча үйгө жетип калалы,
Дос-тууганга кубанч менен баралы.
Биздер үчүн жакшы болду ушундай,
Бүт дүйнөлүк жарманкенин баяны...
Турмуш-жашоо күндөн-күнгө артылып,
Түгөнбөсүн «ЖАКШЫЛЫКТЫН» аягы!



## МАЗМУНУ

### ЫРЛАР

Камчылануу . . . . . . . . . . . . 4
Элесин көрөм баланын . . . . . . . 5
Алма . . . . . . . . . . . . . 5
Боз торгой . . . . . . . . . . . 6
Жазды тосуу . . . . . . . . . . . 7
Башталды жердин майрамы . . . . . . 7
Жомоктон элес . . . . . . . . . . 8
Өскөн жерди сагынып . . . . . . . . 9
Кашка суу . . . . . . . . . . . 10
Ак куулар сапарына . . . . . . . . 10
Ысык-Көлүм . . . . . . . . . . . 11
Уй айдаган кыз . . . . . . . . . 12
Бала түшүндө . . . . . . . . . . 13
Балдар ыры . . . . . . . . . . 15
Булгаары топ . . . . . . . . . . 16
Апам менен сүйлөшүү . . . . . . . 16
Ыйык жер . . . . . . . . . . . 18
Велосипед тепкен учкуч . . . . . . 19
Төл маалы . . . . . . . . . . . 20
Айыл күнү . . . . . . . . . . . 21
Барсаң бар, кызым, барсаң бар . . . . 24
Уулум . . . . . . . . . . . . 25
Сүйүү китеби . . . . . . . . . . 26
Жылкычы . . . . . . . . . . . 27
Бала тилеги . . . . . . . . . . 28
Жакшы көрөм . . . . . . . . . . 28

Кайсын акындын кашында . . . . . . 29
Акын Жолонду эскерүү . . . . . . . . 30
Тирүүлүк коңгуроосу . . . . . . . . 31
Сокур коломто . . . . . . . . . . . 32
«Ай-Пери» . . . . . . . . . . . 33
Чай ичишүү . . . . . . . . . . . 34
Ойго салдың . . . . . . . . . . . 34
Балким? . . . . . . . . . . . 35
Ашык болом . . . . . . . . . . . 36
Сырдашуу . . . . . . . . . . . 37
Кучактагым келет аялды . . . . . . . 37
Жаман экен . . . . . . . . . . . 38
Билбей турам . . . . . . . . . . 38
Аялдын ачуусу . . . . . . . . . . 39
А мен дале . . . . . . . . . . . 40
Кең-Колдун суусун ууртадым . . . . . . 40
Балтаңды жерге таштаба . . . . . . . 41
Эңсөө . . . . . . . . . . . 41
Сезип турам . . . . . . . . . . 42
Жалгыз кетип баратам . . . . . . . 43

## ПОЭМАЛАР

Үзүлгөн үмүт . . . . . . . . . 44
Жакшылык . . . . . . . . . . . 59

Литературно-художественное издание

*ЖАМАНКУЛОВ КОКУЛ*

ОДИНОКАЯ ИВА

СТИХИ, ПОЭМЫ

Для детей старшего возраста

Художник *Азимов С.*

Издательство «Адабият»

На киргизском языке

**Көркөм адабий китеп**

*ЖАМАНКУЛОВ КӨКҮЛ*

ЖАЛГЫЗ ТАЛ

ЫРЛАР, ПОЭМАЛАР

Редактору *С. Шатманов*
Сүрөтчүсү *С. Азимов*
Сүрөт редактору *Б. Жайчыбеков*
Тех. редактору *В. Крутякова*
Корректору *Б. Сатыбалдиева*

ИБ № 364

Терүүгө 05. 10. 89. берилди. Басууга 16. 01. 90. кол коюлду. Д—01007. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 70×108¹/₃₂. Мектеп арибн. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 2,375 физ. басма табак, 3,32 шарттуу басма табак, 3,06 учёттук басма табак, 3,59 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 2000. Заказ № 193. Баасы 10 т.

«Адабият» басмасы.
720361. ГСП. Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. 720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.